**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**ӨЗГӨН РАЙОНУ**

**ТӨРТ-КӨЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**УЗГЕНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТОРТ-КОЛСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

# ТӨРТ - КӨЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

**2026-жылдын 27-январы № 94**

**Мурзакулов Камбарали Жолдубаевичтин жеке менчигиндеги 388,05 м$^2$ жер тилкесинин пайдалануу багытын өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Мурзакулов Камбарали Жолдубаевичтин жеке менчигиндеги 388,05 м$^2$ жер тилкесинин (жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик актысы сериясы Ч № 174432, 2008-жылдын 18-ноябрында түзүлгөн, идентификациялык коду 5-06-06-1005-0326) пайдалануу багытын кызмат көрсөтүү багытына өзгөртүү киргизип берүү жөнүндө жазган арызы боюнча айыл, суу чарба, курулуш, транспорт, байланыш, энергетика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун талкуулап Төрт-Көл айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Мурзакулов Камбарали Жолдубаевичтин Прогресс айылындагы жеке менчигиндеги 388,05 м$^2$ жер тилкесинин (жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик актысы сериясы Ч № 174432, 2008-жылдын 18-ноябрында түзүлгөн, идентификациялык коду 5-06-06-1005-0326) пайдалануу багытын кызмат көрсөтүү (унаа жуучу жайга) багытына өзгөртүү киргизүүгө макулдук берилсин.
2. Жер тилкесине, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш кагаздарды даярдап берүү жагы Төрт-Көл айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
3. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4.Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5.Суралсын Өзгөн районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынан, Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин Өзгөн филиалынан тийиштүү иш кагаздарды даярдап берүү жагы.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Төрт-Көл айылдык кеңешинин айыл, суу чарба, курулуш, транспорт, байланыш, энергетика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **М. Тажибаев**